Нурила

Сөзү,бону: Мирланбек Давлатов
Аткаруучу: Мирланбек Давлатов

Оттуу көзүң кадалганда көзүмө,
Айдай сулуу сезилесиң өзүмө.
Ошол кезде жүрөгүмө от кетип,
Көзүм менен суроо коём өзүмө.

Алоолонуп эки бетиң кызарып,
Сен турасың кылыктанып уялып.
Жүрөгүмдүн чок жалынын арбылтып,
Ого бетер назданасың буралып.

Нурила Нурила ак жүздүү Нурила
Карайсың жылмайып алыстан сен мага.
Нурила Нурила ай ай Нурила
Кетпечи жүрөктү сыздатып Нурила.

Ашык болуп бир өзүңө күйөмүн,
Айтар сөзүм сага айталбай жүрөмүн.
Жүрөгүмдү сенин отуң куйкалап,
Ичтен тынып күйүп-бышып жүрөмүн.

Бирок билбейм кандай экен мүнөзүң,
Ошондо да ардактуусуң бир өзүң.
Мени сщйгщн же сщйбө деп айталбайм,
Жүрөгүмдү сага арнагам бил өзүң.

Нурила Нурила ак жүздүү Нурила
Карайсың жылмайып алыстан сен мага
Нурила Нурила ай ай Нурила
Кетпечи жүрөктү сыздатып Нурила